Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын торайымы Н. Шайлдабековага Талас районунун Кара-Ой айылынын тургуну М. Назаркуловдон *тел: +996500801116*

**Сиздерге 02.05.2021-жылдагы менин атымдан сиздерге жазылган арызга толуктама.**

Стамбек Осмонов жөнүндө И. Арабаев атындагы КМУдан аныктама сурап кайрылганыбызда алар Осмонов Стамбек Аттокурович И. Арабаев атындагы КМУда 2004-2010-окуу жылдарындагы студенттердин буйруктары чыгарылып тиркелген журналда жогорудагы бүтүрүүчүнүн аты жөнү каттоодо жок -деп билдиришкен. Аныктамага таянсак С. Осмонов И. Арабаев атындагы КМУдан окуп билим алган эмес дегенди билдирет.

Аталган талапкер өзү окуп билим албаган окуу жайдын диплому делинген документти Талас АШКсына каттатуу менен өзү билип туруп анык эмес маалыматты АШКга берген болуп саналат. **Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" мыйзамынын 60-беренесинин 5-бөлүмүндө:** ***Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкер тарабынан каттоо үчүн анык эмес маалыматтарды берүү фактысын белгилөө, аныктоо шайлоо процессинин кандай гана баскычы болбосун каттоону жокко чыгарууга алып келет***, -деп жазылган.

Жогорудагыларды эске алуу менен мыйзам чегинде Осмонов Стамбек Аттокуровичтин талапкер катары катталгандыгын жокко чыгарып, 15-апрель 2021-жылдагы Талас аймактык шайлоо комиссиясы түзүп 30-апрель 2021-ж. бекитилген протоколдогу С. Осмоновго тиешелүү бөлүгүн андан кийинки талапкерге карата өзгөртүп берүүңүздөрдү сурайм.

Тиркелет: И. Арабаев атындагы КМУнун аныктамасы-1 баракта

**М. Назаркулов**

**06.05.2021-ж.**

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № Н-226
"10" 05 2021 ж/г

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ**

**720026, Бишкек ш., Раззаков коч., 51
тел.+996 66-03-47
факс: +996 66-16-83
www.arabaev.kg
e-mail: i.arabaev@mail.ru**

**МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**КЫРГЫЗСКИЙ
ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА**

**720026, г.Бишкек, ул. Раззакова, 51
тел. +996 66-03-47
факс: +996 66-16-83
www.arabaev.kg
e-mail: i.arabaev@mail.ru**

07.05.2021 № 01-13/245

на № ________ от ________

**Талас районунун Кара-Ой айылынын
тургуну М.Назаркуловго**

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети Сиздин катыңызга төмөнкүдөй маалыматты билдирет: **Осмонов Стамбек Аттокуровичке** 2010-жылдын 25-июнунда, №2381 каттоо номери менен №CD101200915 сериядагы мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилген эмес.

2004-2010-окуу жылдарындагы студенттердин буйруктары чыгарылып тиркелген журналда төмөндөгү бүтүрүүчүнүн аты-жөнү каттоодо жок.

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети тарабынан №11/415 каттоо номери менен, айы-күнү көрсөтүлбогон, кол белгиси коюлбаган маалымдама берилген эмес, жана бул маалымдама жараксыз деп эсептелинет.

**ОКУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА ПРОРЕКТОР** **Ж.БЕКСУЛТАНОВ**

*Исп.Уруятова А.*
*Тел:626029*